



2023-жылдын 26-сентябрында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын төрасы Тыналиева Бакыт Карыбековнанын Кыргызтест мамлекеттик мекемесинин директору Топоева-Ставинская Батма Болоталиевна менен жолугушуусу болуп өттү.

Жыйындын жүрүшүндө англис, кыргыз тилдеринен кандидаттык экзамендеринин тесттерин даярдоого жана тапшырууга байланышкан маселелери талкууланды.

Кыргызтесттин директору Батма Болоталиевна англис тили боюнча кандидаттык экзаменин тапшырууга даярданып жаткан талапкерлерине билим деңгээлин баалоо үчүн жогорку билим берүү стандарттарына жооп берген сынагын кылдаттык менен иштеп чыгуу убададсын берди.

Тыналиева Бакыт Карыбековна Улуттук аттестациялык комиссия менен Кыргызтесттин ортосундагы кызматташууну өнүктүрүп, аспиранттардын билимин баалоо сапатын жогорулатууга жана өлкөдөгү илимий кадрларды өнүктүрүүгө колдоо көрсөтүүгө чакырды.

Ошондой эле 2023-жылдын 27-апрелинде Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук атгестациялык комиссиянын президиумунун чечими менен “Кыргызтест” мамлекеттик мекемесинде мамлекеттик тил боюнча кандидаттык экзаменди тапшыруунун деңгээлдери бекитилген.

**Чечимдин алкагында** аспиранттар, илимдин кандидаттары окумуштуулук даражасын изденүүчүлөрү мамлекеттик тил боюнча кандидаттык экзаменди «Кыргызтест» мамлекеттик мекемесинен төмөндөгүдөй деңгээлдерде тапшырышат:

1. кыргыз тили, кыргыз адабияты жана аларды окутуунун методикасы боюнча адистер, ошондой эле диссертациясын мамлекеттик тилде жазган аспирант, илимдин кандидаты окумуштуулук даражасын изденүүчүлөр - С l;

2. коомдук-гуманитардык, табигый-математикалык, техникалык, медицина-биологиялык жана агрардык илимдер адистиги боюнча кыргыз улутундагы аспирант, илимдин кандидаты окумуштуулук даражасын изденүүчүлөр - В 1 же В 2;

3. Кыргыз Республикасынын жарандары болуп эсептелген башка улуттун өкүлдөрү жана аспирантураны Кыргыз Республикасында бүтүргөн чет мамлекеттин жарандары - А 1 же А 2 денгээлдери;

4. Аспирантураны Кыргыз Республикасында окубаган аспиранттар жана чет мамлекеттик ЖОЖ, ИИИлердин илимдин кандидаты окумуштуулук даражасын изденүүчүлөрү мамлекеттик тил боюнча кандидаттык экзамен тапшырбайт.